**«АЙЫЛ БАНК» ААКСЫНЫН КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ САЯСАТЫ**

I ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР………………………………………………………………......................3
II ГЛАВА. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР....……………………………………………........3
III ГЛАВА. КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ САЯСАТТЫН МАКСАТТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ, ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА ЧАРАЛАРЫ...............................................................................................…4
IV ГЛАВА. БАНК БАШКАРМАСЫНЫН КОРРУПЦИЯНЫ АЛДЫН АЛУУ ЖАНА АГА БӨГӨТ КОЮУ ЖАГЫНДАГЫ НЕГИЗГИ ИШ БАГЫТЫ.......................……………………………………6
V ГЛАВА. ИШЕНИМ ТЕЛЕФОНУ ЖАНА “БАНКТА КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КАЙРЫЛУУСУ ҮЧҮН ИШЕНИМ ТЕЛЕФОНУ ………………………………………………………..…...7
VI ГЛАВА. КОНТРАГЕНТТЕР МЕНЕН ӨЗ АРА ИШ АЛЫП БАРУУДА КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ ЧАРАЛАР…………………………………………………………………………………....8
VII ГЛАВА. КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮНҮН АЛКАГЫНДА БАНКТЫН БАШКАРУУ ОРГАНЫНЫН, ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮМДӨРҮНҮН, КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ…………………………………………………………………………………………….10
XI ГЛАВА. ЖООПКЕРЧИЛИК …………………………………………………………………......11

## I ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. «Айыл Банк» ААКсынын коррупцияга каршы саясаты (мындан ары – Саясат) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын “Коорупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө”, “Бириккен Улуттар уюмунун 2003-жылдын 10-декабрында Мерила шаарында (Мексика) кол коюлган коррупцияга каршы конвенциясын ратификациялоо жөнүндө” мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы №26 “Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мамлекеттик саясаты жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча чаралар жөнүндө”, 2013-жылдын 12-ноябрындагы №170 “Бийлик органдарындагы саясый жана системалык коррупцияга түрткү берген себептерди четтетүү боюнча чаралар жөнүндө” жарлыктарына ылайык, ошондой эле башка өлкөлөрдүн коррупцияга каршы аракеттенүүдө колдонулган усулдук ыкмаларына, принциптерине, бул багытта жөнгө салынган эң мыкты тажрыйбаларга таянуу менен иштелип чыккан.

1.2. Саясатта «Айыл Банк» ААКсында (мындан ары- Банк) коррупцияга жана коммерциялык бүтүмгө келишүүгө(сатып алууга) каршы аракеттенүүнүн негизги максаттары жана милдеттери, ошондой эле Банкта коррупциялык көрүнүштөргө бөгөт коюу системасынын иш принциптери аныкталган.

1.3. Бул Саясат комплаенс-контролдук, ички контролдук системасынын бир бөлүгү болуп саналат жана коррупцияны алдын алуу, алдамчылылыкка барууга жана мыйзамсыз сыйакы алууга коммерциялык бүтүмгө келишүүгө (сатып алууга) бөгөт коюуну тескөөгө алуу жана аны уюштуруу негиздерин, ошондой эле Банкта, анын ичинде кардарларды жана контрагенттерди кошо алганда, үчүнчү жактар менен түптөлгөн мамилелерде укук бузууларга жол берүүдөн келип чыккан кесепеттерди минималдаштыруу жана/ же жоюу максатын көздөйт.

1.4. Саясат Банкта коррупцияга жол берүү жана коммерциялык бүтүмгө келишүү (сатып алуу) ыктымалдыгы тобокелдигин басандатуу максатында иштелип чыккан.

1.5. Саясаттын алкагында коррупция (коррупциялык иш-аракеттер) дегенден улам, Банктын кызмат адамынын кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдаланышын, пара берип же алышын, же болбосо кызмат абалын Банктын жана мамлекеттин мыйзамдуу таламдарына каршы өз кызыкчылыгында акча каражаттары, баалуулуктар, башка мүлк же мүлктүк мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөр, башка мүлктүк укуктар түрүндө пайда көрүү ошондой эле, үчүнчү жакка ошондой эле пайда көрүүнү же ыңгайлуулуктарды сунуштоо же болбосо аларды Банктын кызмат адамдарына жана Банктын таламдарына доо кетирип, аброюна кедергисин тийгизген башка жактарга сунуштоо жагдайын түшүнүү зарыл.
Ошондой эле, ушул Саясаттын алкагында Банк кызматкерлеринин ээлеген кызмат орундарына карабастан, өз милдетин аткарууда белгилүү бир ишти аткарып, кызмат көрсөтүүсү үчүн мыйзамсыз материалдык сыйакыга же мүлктүк пайдага ээ болушун түшүнүү зарыл.

1.6. Банк, бул Саясатты расмий сайтында жайгаштырат жана коррупциянын, тымызын келишип алып коммерциялык пайда көрүүнүн алгылыксыздыгы, кесепеттүүлүгү боюнча ачык саясат жүргүзүп, документте белгиленген принциптердин жана талаптардын Банктын бардык кызматкерлери жана кызмат адамдары тарабынан так сакталышын талап кылат.

1.7. Саясат банктын бардык түзүмдүк бөлүмдөрү үчүн бирдей каралган жана анын талаптары милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

1.8. Саясат Банктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарына өзгөртүүлөр киргизилген шартта, ал кайрадан каралышы мүмкүн. Мындан тышкары, зарылчылык келип чыккан шартта Саясаттын жоболору жылына кеминде бир жолу Банктын өзгөртүлгөн операциялык ишине жана саясатына ылайыкташтырылып каралып чыгышы мүмкүн. Банк ишинин натыйжалуулугун арттыруу максатында Саясатка тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши ыктымал. Саясатка сунушталган бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор да Банктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилет.

## II ГЛАВА. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

2.1. **Банктын кызмат адамы (Банк жетекчилиги) –** Банк Башкармасынын жана Директорлор кеңешинин мүчөлөрү, ошондой эле Банктын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан макулдашуу жол-жобосунан өткөн кызматкерлер.

2.2. **Кардар –** Банкта тейлөөгө алынган жеке адам жана юридикалык жак.

2.3. **Контрагент** – Кардар болуп саналбаган, Банк менен түзүлгөн келишимде экинчи тарап катары көрсөтүлгөн жеке адам жана юридикалык жак.

2.4. **Таламдардын каршы келип калышы** – Банктын кызмат адамынын жана/же анын кызматкерлеринин жеке кызыкчылыгы, алардын өз ыйгарым укуктарын талаптагыдай аткарышы же Банктын жана/же анын кызматкерлери жана/же кардарлары ортосунда келип чыгышы ыктымал болгон, Банк жана анын кардарлары үчүн кесепеттүү тобокелдиктердин келип чыгышын шарттаган алгылыксыз жагдай.

2.5. **Коррупциялык укук бузуулар** – бир же бир нече кызмат адамынын коррупциялык белгилер камтылган, белгиленген тартипте аныкталган укукка жатпаган, күнөөлүү болууга түрткү берген жосундары (аракеттери же аракеттенбей коюулары).

2.6. **Коммерциялык сатып алуу** – Банктын кызмат адамынын (жетекчилигинин) жана ээлеген кызмат ордуна карабастан, анын кызматкерлеринин акча каражаттарын, баалуу кагаздарды, башка мүлктү мыйзамсыз өткөрүп бериши же алышы, аларга мыйзамсыз кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталышы же мүлктүк мүнөздө кызматтардан алардын пайдаланышы, Банкта жогорку кызматты ээлеп турушунан улам, анын кызыкчылыгында аракеттенгендиги/аракеттенбей койгондугу үчүн башка мүлктүн укуктардын берилиши, башкача айтканда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана/же Банктын ички ченемдик документтеринде белгиленген тартиптерди жана жол-жоболорду бузууга баруу менен аларга алда канча алгылыктуу шарттарды түзүүгө аракетенүү/аракеттенбей коюу.

2.7. **Жеке кызыкчылык (кызыгуунун артышы)** – материалдык жана/же алынган башка пайда, анын ичинде Банктын кызмат адамы же кызматкери ээлеген кызмат ордуна карабастан, милдетин аткаруунун натыйжасында жеке өзү үчүн артыкчылыкка ээ болуу максатын көздөгөн аракети. Кызмат абалынан жогорулоону же ага ыраазычылыктын билдирилишин жеке пайда көрүү катары кароого болбойт.

2.8. **Коррупцияны алдын алуу (превенция) –** Банктын, коррупциялык көрүнүштөргө жол бербөөнү камсыз кылган ички ченемдик документтер аркылуу жөнгө салынган корпоративдик маданият, уюштуруу түзүмү, эрежелер жана жол-жоболор элементтерин жайылтууга багытталган системалуу чаралардын кабыл алынышынан көрүнгөн иши.

2.9. **Коррупцияны алдын алуу** – Банктын коррупцияны аныктоо жана ага түрткү берген себептерди четтетүүгө багытталган системалуу чаралардын кабыл алынышынан көрүнгөн иши.

2.10. **Банк кызматкери -** Банк менен эмгек келишимин түзгөн касыл болбосун жеке адам.

## III ГЛАВА. КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ САЯСАТТЫН МАКСАТТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ, ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА ЧАРАЛАРЫ

3.1. Коррупцияга каршы саясаттын негизги максатынан болуп, төмөнкүлөр саналат:

- Банк ишиинин Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талаптарына ылайык келишин камсыз кылуу;
- Банк акционерлерин жана кардарларын коррупциялык фактыларга жана коммерциялык сатып алууга жол берилиши учурунда финансылык жоготууларга дуушар болуудан коргоо;
- Ээлеген кызматына карбастан, Банктын кызмат адамдарында (жетекчилигинде) жана кызматкерлеринде, ошондой эле Банк менен өз ара кызматташып иш алып барган жактарда кандай болбосун формада жана көрүнүштө коррупциянын жана коммерциялык сатып алуунун алгылыксыздыгы жана ага жол бербөө зарылчылыгы боюнча Банктын позициясынын (иш өңүтүнүн) бирдей кабыл алынышына жетишүү;
- Банкта коррупцияга бөгөт коюу боюнча милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон, талапка шайкеш жол-жоболорду белгилөө;
- Банктын корпоративдик башкаруу боюнча кодексинин жоболорунун сакталышын камсыз кылуу.

3.2. Коррупцияга каршы күрөшүү Банктын Директорлор кеңешинин, Банк Башкармасынын өз ыйгарым укуктарынын чегинде аткарган төмөнкүдөй иш-аракеттеринен көрүнөт:

- коррупцияны алдын алуу – ага бөгөт коюу, анын ичинде коррупцияга түрткү берген себептерди аныктап, аларды четтетүү;
- укук коргоо органдарына коррупциялык көрүнүштөрдөн улам келип чыккан кесепеттерди минималдаштыруу жана/же анын толугу менен жоюуда көмөк көрсөтүү.

3.3. Банкта коррупцияга каршы иш алып баруунун негизги милдеттеринен болуп төмөнкүлөр саналат:

- Банктын ыйгарым укуктарынын чегинде коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзам талаптарынын ишке ашырылышына көмөктөшүү;
- коррупцияны жана коммерциялык сатып алууну алдын алууга жана ага бөгөт коюуга (“Айыл Банк” ААКсында коррупциялык көрүнүштөрдү/тобокелдиктерди алдын алуу (аларды эскертүү боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгууну жана бекитүүнү кошо алганда) багытталган таасирдүү механизмдерди, жол-жоболорду иштеп чыгуу, контролдоочу жана бшка иш-чаралдарды жүргүзүү;
- Банктын жана анын кызматкерлеринин коррупциялык ишке тартылышы тобокелдигин минималдаштыруу;
- коррупциялык укук бузуулар жана ага каршы аракеттенүү алкагында кабыл алынган чаралар тууралуу Банктын башкаруу органдарына маалымдоо;
- Банкта коррупцияга каршы корпоративдик маанайды калыптандыруу.

3.4. Коррупцияга каршы аракеттенүү принциптеринен болуп төмөнкүлөр саналат:

- Саясаттын мыйзамдарга жана жалпы кабыл алынган номаларга ылайык келиши;
- Банк кардарларынын жана контрагенттеринин мыйзамдуу укуктарын жана таламдарын коргоо, коррупцияга каршы аракеттенүүдө банктык коммерциялык купуялуулуктун ишенимдүү сакталышын камсыз кылуу;
- коррупцияга карата келишпесттик мамиле кылуу маданиятын калыптандырууда жана коррупцияны алдын алып, ага жол бербөө системасын жөнгө салууда Банк жетекчилигинин үлгү болоорлук иши;
- Банк кызматкерлеринин бул ишке тартылышы: кызматкерлердин коррупцияга каршы мыйзам жоболорун жакшы билүүсү, ишине чын дилден берилип, так иштөө табитин калыптандырууга багытталган стандарттарды жана жол-жоболорду иштеп чыгып, ишке ашырууга жигердүү катышуусу;
- милдетин аткарууда коррупциялык укук бузууларга жол берген шартта, Банк кызматкеринин ээлеген кызмат ордуна, эмгек стажына жана башка шарттарга карабастан, ал үчүн жоопкерчиликтин келип чыгышы;
- бизнес жүргүзүнүн ачык-айкындуулугу: Банкта бизнес жүргүзүүдө коррупцияга каршы стандарттар кабыл алынгандыгы тууралуу өнөктөштөргө, контрагенттерге жана кардарларга маалымдоо;
- коррупцига каршы стандарттардын жана жол-жоболордун натыйжалуулугуна, ошондой эле ишине чын дилден берилип, так иштөөнү камсыз кылууга багытталган туруктуу контролдук;
- коррупцияга байланыштуу укук бузууларга каршы күрөшүүдө көмөк көрсөткөн кызматкерлердин укуктарынын жана таламдарынын сакталышын камсыз кылуу.

3.5. Коррупцияны алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү чалары:

- укук коргоо органдары менен коррупцияга каршы күрөшүү жагында кызматташып иш алып баруу;
- Банк кызматкерлеринин өз ишин чын дилден, акыйкат аткарышын камсыз кылууга багытталган стандарттарды жана жол-жоболорду иштеп чыгуу жана жайылтуу;
- Банк кызматкерлеринин коррупцияга каршы чара көрүү стандарттарын, моралдык-этикалык нормаларды жана корпоративдик маданиятты жайылтууну камсыз кылган жүрүм-турум нормалары кодексинин талаптарын так сактоосу;
- аткарган милдети олуттуу коррупциялык тобокелдикке дуушарланышы ыктымал болгон кызматкерлердин ишине контролдукту орнотуу
- финансылык отчеттуулук боюнча эл аралык стандарттарга ылайык бухгалтердик эсепти жана отчетторду түзүү;
- банк документтерин мыйзамдарда каралган мөөнөттөрдөн эрте, атайлап жок кылынышына жол бербөө жана ага тыюу салуу;
- финансылык жана мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык отчетторду түзүүдө жалган документтердин колдонулушуна жол бербөө;

– Банктын жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине мезгил-мезгили менен ички жана тышкы аудитти жүргүзүп туруу.

## IV ГЛАВА. БАНК БАШКАРМАСЫНЫН КОРРУПЦИЯНЫ АЛДЫН АЛУУ ЖАНА АГА БӨГӨТ КОЮУ ЖАГЫНДАГЫ НЕГИЗГИ ИШ БАГЫТЫ

4.1. Банкта коррупциялык көрүнүштөрдү алдын алуу жана ага бөгөт коюу жагындагы иштин негизги багыттарынын болуп төмөнкүлөр саналат:
- Банктын корпоративдик башкаруу жана кадр саясаты;
- Банктын кредиттик иши;
- Банктын операциялык иши;
- Банктын финансылык-чарбалык иши.

4.2. Банкта жол берилиши ыктымал болгон коррупциялык көрүнүштөр тобокелдигин аныктоо, ага баа берүү жана басаңдатуу үчүн төмөнкү ыкмалар колдонулат:
- милдеттер чөйрөсүн, банктык операциялар, бүтүмдөр жана бизнес-процесстер түрлөрүн, ошондой эле коррупциялык жогорку тобокелдиктерге байланыштуу ыйгарым укуктар жана мүмкүнчүлүктөргө жараша кызмат орундарын аныктоо;
- коррупциялык укук бузуу фактылары боюнча келип түшкөн кандай болбосун маалыматтарга же Банк кызматкерин коррупциялык укук бузууга тартуу максатында аларга кайрылган ар бир жагдайга баа берүү жана иликтөөгө алуу;
- Банктын кызмат адамдарына жана жогорку кызмат орундарына талапкерлерге карата эмгек келишимдеринде белгиленген, мыйзамдарда аныкталган жана/же белгиленген тиешелүү талаптарды коюу;
- Банктын кызмат адамдарына жана кызматкерлерине сыйакы төлөөнүн ачык-айкын жана талапка шайкеш системасын жөнгө салуу;
- жогорку кызмат орундарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын жана Банктын ички ченемдик актыларынын талаптарына ылайык дайындоо;
- коррупциялык аракеттерге жол берилиши ыктымалдыгына бөгөт коюу максатында персоналдын ишине иш билгилик жөндөмдүүлүгүн жана кесиптик потенциалын эске алуу менен баа берүү, аларды сыйлыкка сунуштоо, кызмат абалынан жогорулатуу же башка ишке которуу (ротация);
- Банкта өкүлчүлүк чыгашаларына, товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу сынактарын өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзам талаптарынын сакталышына контролдукту жүргүзүү;
- таламдардын каршы келип калышын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына, Банктын ички ченемдик документтерине ылайык жөнгө салуу жана ага бөгөт коюу тартиби;
- Банктын контрагенттерине баа берүү, алар боюнча талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана тандоо жол-жобосу;
- Банктын кредиттөө иш багытына текшерүүлөрдү жүргүзүү жана карыз алуучулардын иши менен жеринде барып таанышуу, Банк кызматкерлери жана/же башка жактар тарабынан материалдык жана башка сыйакылардын төлөнүшү талап кылынгандыгы фактысын аныктоо көз карашынан, алар менен кошумча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;
- Банк кызматкерлери тарабынан кредиттөө жол-жобосунда белгиленген талаптардын так сакталышына контролдук;
- кардарларга банктык продукттарды (кызмат көрсөтүүлөрдү) сунуштоо жагында түздөн-түз иш алып барган кызматкерлер тарабынан «Айыл Банк» ААКсында кардарларды тейлөө стандарттарынын талаптарынын так сакталышын текшерүү;
- Банктык эсептерди, банктык аманаттарды ачууда, акча каражаттарын которууда жана башка банктык операцияларды ишке ашырууда жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын жана Банктын ички ченемдик документтеринин талаптарынын сакталышы;

– пландаштырууну жана бюджет түзүүнү кошо алганда, менеджмент үчүн эсепке алууну колдонууга киргизүү, ишке ашырылган операцияларга ички финансылык контролдукту жүргүзүү;
– ар бир операцияда (бүтүмгө келишүүдө), ар бир бизнес-процессте укукка жатпаган аракеттерге жол бербөө, аларды аныктоо жана бөгөт коюу максатында ички контролдук, отчеттуулук жана маалымат алмашуу шартын колдонуу;
– Банк кызматкерлери ушул Саясаттын талаптары менен тааныштырылып, анын негизги талаптарын, коррупцияга каршы аракеттенүү жагында башка аспекттерди да чечмелеп түшүнүүсүнө жетишүү.

4.3. Финансылык (бухгалтердик) жана башка отчеттордун тактыгын жана ишенимдүүлүгү, алардын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын жана Банктын ички ченемдик документтеринин талаптарына шайкештигин камсыз кылуу, коррупциялык укук бузууларды алдын алуу жана ага бөгөт коюу максатында Банк, банктык операцияларга жана кызмат көрсөтүүлөргө, бизнесс-процесстерге, чарбалык операцияларга ички контролдукту уюштурууга, анын ичинде төмөнкүлөргө жол бербөө максатында финансылык контролдукту жөнгө салууга тийиш:
– расмий эмес (кош) отчеттордун түзүлүшүнө;
– баштапкы каттоо документтеринин жоголуп кетишине;
– эсепке алынбаган же туура эмес катталган операциялардын жүргүзүлүшүнө;
– иш жүзүндө жок чыгашалардын катталышына;
– объекти туура эмес идентификациялаган милдеттенмелерди чагылдырууга;
– жасалма (жалган) документтердин колдонулушуна (мисалы, күрөөлүк мүлккө байланыштуу бурмалоолор, аныктыгын текшерүүсүз эле документтерди кабыл алуу, күрөөлүк мүлктү мыйзамсыз сатып өткөрүү);
– документтерди жана отчетторду мыйзамдарда каралган мөөнөттөрдөн мурда атайлап жок кылуу аракеттерине;
– кредиттерди тартуу, лизинг үчүн жат бирөөлөрдү колдонуу;
– жеке кызыкчылыгында өз пайдасы үчүн коррупциялык схемаларды колдонуу, акча каражатын чыгарып кетүү максатында Банк жетекчилеринин кызматкерлер же үчүнчү жактар менен келишип алуусуна;
– Банктын ички ченемдик документтеринде каралган ички контролдук жол-жоболорун атайлап бузууга барууга;
– башка укукка жатпаган коррупциялык иш-аракеттерге жол берилишине.

4.4. Банкта коррупциялык көрүнүштөргө жол берилишине тиешелүү бардык шектенүүлөр боюнча Коопсуздук кызматы кызматтык териштирүүнү жүргүзүүгө тийиш.

4.5. Коррупцияга жана коммерциялык сатып алууларга шектенүүлөр аныкталып, тастыкталган шартта Коопсуздук кызматы Банк жетекчилиги жана Юридика бөлүмү менен биргеликте орун алган жагдайга укуктук жактан баа берилиши максатында укук коргоо органдарына кайрылууга тийиш.

4.6. Банк ичинде жана андан сырткары сүткорлук белгилери камтылган ишкердик менен алектенүүгө жол берилбейт жана бул Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган жоопкерчиликтин келип чыгышын шарттайт.

4.7. Банктын алгылыксыз себептер, алдамчылыкка баруу жана коррупциялык мүнөздөгү финансылык одоно бузууларга жол берүү же Банкка олуттуу материалдык зыян келтирип же болбосо анын аброюна шек келтирип, аброй тобокелдигинин келип чыгышы ыктымалдыгын шарттаган аракеттерге жол берген кызматкерлери атайы тизмеге (кара тизме) киргизилип, алар банктын түзүмдүк бөлүмдөрүндө, филиалдарында жана башка өкүлчүлүктөрүндө андан ары иштөө укугунан ажыратылат. Персонал менен иш алып баруу башкармалыгы тизмеге каттоо жана аны жаңылап туруу менен календарык жылдын акырында ал боюнча отчетту даярдап, Банктын Директорлор кеңешине жана Банк Башкармасынын кароосуна сунуштайт.

4.8. Ички аудит башкармалыгы, Коопсуздук кызматы жана башка түзүмдүк бөлүмдөр, филиалдар тарабынан аныкталган алдамчылыкка жол берүү,

коррупциялык же укук бузууларга баруу схемалары боюнча маалыматтарды, алар боюнча талаптагыдай талдап-иликтөөлөрдүн жүргүзүлүшү, Банкта коррупциялык жана алдамчылыкка баруу сыяктуу кесепеттүү жагдайларга карата превентивдик жана бөгөт коюу чарларынын көрүлүшү максатында Комплаенс-контролдоо башкармалыгына жөнөтүлөт.

4.9. Комплаенс-контролдоо башкармалыгы Банкта коррупцияга жана коммерциялык сатып алууларга жол бербөө боюнча кабыл алынган иш-чаралардын аткарылышына жоопкерчиликтүү болгон, иш жагдайы боюнча Директорлор кеңешине, акционерге жана Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын башка субьекттерине мезгил-мезгили менен маалымат берип турууга ыйгарым укуктуу жак болуп саналат.

## V ГЛАВА. ИШЕНИМ ТЕЛЕФОНУ ЖАНА "БАНКТА КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КАЙРЫЛУУСУ ҮЧҮН ИШЕНИМ ТЕЛЕФОНУ

5.1. Банкта корпоративдик башкаруу сапатын жогорулатуу, бардык кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын бузууга жол берилиши тууралуу так маалыматтарды Банктын башкаруу органдарына жана жетекчилигине өз учурунда маалымдап туруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында "Ишеним телефону" кызматы жөнгө салынган. Корпоративдик башкаруу сапатын жогорулатуу жана кызыкдар болгон жактарга банк кызматкерлери тарабынан жол ьерилип жаткан коррупциялык укук бузуулар тууралуу тоскоолдуксуз маалымдоо мүмкүнчүлүгүн сунуштоо, ошондой эле банктын бардык кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын бузууга жол берүүлөр, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу жагдайлары тууралуу Банктын башкаруу органына жана жетекчилерине маалымат жеткирүү мүмкүнчүлүгүн түзүү максатында "Ишеним телефону" жана "Кызматкерлердин кайрылуулары үчүн ишеним телефону" кызматы жөнгө салынууда.

5.2. **«Ишеним телефону», "Кызматкерлердин кайрылуулары үчүн ишеним телефону"** - Банктын кызмат адамдары жана/же кызматкерлеринин коррупциялык аракеттерге ниеттенип жатышы же ага жол бергендиги фактылары тууралуу маалымдап туруу, ал боюнча кеп-кеңештерди берүү үчүн каралган, маалыматтар коопсуз жана купуя сакталган маалымат каражаты.

5.3. Банк, "ишеним телефону" аркылуу кайрылуучулар менен өз ара иш алып баруунун интерактивдик каналын колдонуу менен коррупциянын келип чыгышы мүмкүндүгү тууралуу өнөктөштөрдөн, контрагенттерден, кардарлардан жана башка жактардан (жеке адамдар жана юридикалык жактар) кайрылууларды кабыл алып турат.

"Ишеним телефону" аркылуу кабыл алынган бардык коррупциялык мүнөздөгү кайрылуулар Банктын Коопсуздук кызматына жана андан ары ушул Саясаттын 5.9 жана 5.10-пункттарынын талабына ылайык, Банк Башкармасына жана Директорлор кеңешине маалымдашы үчүн Комплаенс-контролдоо башкармалыгына өткөрүлүп берилет.

5.3.1. Банк "Кызматкерлердин кайрылуулары үчүн ишеним телефону аркылуу өз ара иш алып баруунун интерактивдүү мүмкүнчүлүгүн (каналын) колдонуу менен орун алышы ыктымла болгон коррупциялык фактылар тууралуу Банк кыкзматкерлеринин кайрылууларын кабыл алат.

"Кызматкерлердин кайрылуулары үчүн ишеним телефонуна" келип түшкөн коррупциялык фактыларга тиешелүү бардык кайрылуулар, алар боюнча тиешелүү чаралардын көрүлүшү үчүн Банктын Коопсуздук кызматына өткөрүлүп берилет. Коопсуздук кызматы келип түшкөн маалымат жана ал боюнча жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар тууралуу Банк башкармасына жана Директорлор кеңешине андан ары маалымдашы үчүн Комплаенс контролдоо башкармалыгына дароо маалымдоого тийиш.

5.4. Банк кызматкерлери операцияларды ишке ашырууда (бүтүмдөргө келишүүдө) маалым болгон банк мыйзам талаптарын бузууга жол берүү фактылары же болбосо коррупциялык укук бузууларга жана коммерциялык сатып алууга барууга тартуу максатында аларга кайрылган ар бир учур тууралуу өзүнүн түздөн-түз жетекчисине же Банктын "Кызматкерлердин кайрылуулары үчүн ишеним телефонуна" билдирүүгө милдеттүү.

5.5. Банктын кайсыл болбосун кызматкеринде башка кызматкерлердин, контрагенттердин же банк менен өз ара иш алып барган башка жактардын коррупциялык аракеттерге жол бериши же ага каршы аракет көрбөй жатышы же анын орун алып жатышы ыктымалдыгы боюнча шектенүүнү жараткан маалыматтары болсо, алар түздөн-түз жетекчисине же Банктын "Кызматкерлердин кайрылуулары үчүн ишеним телефонуна" билдирүүгө милдеттүү.

5.6. Банк кызматкери болжолдонуп жаткан коррупцияга жол берүү фактысы тууралуу кат жүзүндө маалымдаган же ал пара берүүнөн, коммерциялык сатып алуудан же болбосо пара алууда ортомчу болуудан баш тартып, ушундан улам Банк алынуучу пайдадан кол жууп же коммерцялык жана атаандаштык артыкчылыктарга ээ боло албай калган шартта да, ал кызматкерге карата санкциялар (анын ичинде иштен бошотулуп, кызмат абалынан төмөндөтүлүп ж.б.у.с.) колдонулууга тийиш эмес.

Коррупциялык укук бузууларга жол берилиши ыктымалдыгы тууралуу маалымат, мындай кесепетке жол бербөө же аны алдын алуу ниетинде маалымадалып, бирок фактынын орун алышы текшерүүнүн жүрүшүндө тастыкталбаган болсо да, ошол кызматкерге карата кандайдыр бир санкция колдонулууга тийиш эмес.

Ал эми мындай маалымат атайлап билип туруп, мисалы кимдир бирөөнү жаман көрсөтүү же кандайдыр бир артыкчылыкка ээ болуу же болбосо жоопкерчиликтен качуу максатында маалымдалган болсо, анда ошол кызматкерге карата ушул Саясатка жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык таасир этүү чаралары колдонулат.


5.7. Банк кызматкерлери, анын өнөктөштөрү, контрагенттер жана кардарлар тарабынан “Ишеним телефону” жана “Кызматкерлердин кайрылуулары үчүн ишеним телефону” аркылуу келиптүшкөн маалыматтар купуялуулукту камтыган маалыматка кирет.

“Ишеним телефону” жана “Кызматкерлердин кайрылуулары үчүн ишеним телефону” Банк кызматкерлери, анын өнөктөштөрү, контрагенттер жана кардарлар, ошондой эле башка кызыкдар болгон жактар (жеке адамдар жана юридикалык жактар) үчүн коррупциялык фактылар жана коммерциялык келишип алуу/ сатып алуу сыяктуу кесепеттүү жагдайлар тууралуу маалыматтарды сунуштоонун/ жөнөтүүнүн купуя техникалкы мүмкүнчүлүгү болуп саналат.

5.8. Банк ошондой эле, ушул Саясатка байланыштуу маселелер боюнча кайтарым байланышты түптөө үчүн да мүмкүнчүлүктү түзөт.

5.9. Байланыш-борбору Банктын кызмат адамдарынын жана/же кызматкерлеринин коррупциялык ишке тартылып жактандыгы тууралуу маалымат «ишеним телефонуна» келип түшкөн шартта, аны Коопсуздук кызматына дароо жөнөтөт, ал өз кезегинде Банк Башкармасынын Коопсуздук кызматынын ишин түздөн-түз тескөөгө алган мүчөсүнө ал тууралуу маалымдайт. Келип түшкөн маалыматты Коопсуздук кызматына берүү менен бир эле учурда Байланыш -борбору андан ары Директорлор кеңешине маалымдалышы максатында ал тууралуу Комплаенс-контролдоо башкармалыгына да билдирүүгө тийиш.

5.10. Банкта коррупциялык көрүнүштөрдүн орун алып жаткандыгы тууралуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн маалымдашы боюнча өз ара аракеттенүү схемасы:




5.11. Коопсуздук кызматы Банк ишинен аныкталган коррупциялык фактылар боюнча маалыматтарды, операциялык тобокелдиктер реестрине каттатуу аркылуу Тобокелдик менеджменти бөлүмүнө сунуштайт.

5.12. Банк “ишеним телефону” аркылуу маалымдалган ар бир билдирүү боюнча текшерүүлөр жүргүзүлө тургандыгына кепилдик берет, бирок келип түшкөн ар бир билдирүү боюнча жооп жөнөтүлө тургандыгын гарантиялабайт.

5.13. Банк кардарлары үчүн жумуш орундарында же маалымат такталарында көрүнүктүү жерлерге “ишеним телефону” номерин көрсөтүү менен коррупцияга каршы мүнөздөгү маалыматтарды камтыган эскерткичтер жана плакаттар жайгаштырылууга жана маалымдоо каналдары (электрондук почта) аркылуу тиешелүү маалыматтар жөнөтүлүүгө тийиш. Мындан тышкары, Банктын сайтында да тиешелүү маалыматтар жайгаштырылып турушу зарыл.

## VI ГЛАВА. КОНТРАГЕНТТЕР МЕНЕН ӨЗ АРА ИШ АЛЫП БАРУУДА КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ ЧАРАЛАР

6.1. Жеке адамдар жана юридикалык жактар менен келишимдик жана башка мамилелерди жөнгө салууда да ушул Саясаттын талаптары Банк тарабынан эске алынуга тийиш. Банк контрагенттерден, башкаруу органдарынын мүчөлөрүнөн, алардын кызматкерлеринен, ошондой эле башка жактардан Банктын ички документтеринде бекемделген же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынан, ошол жактар каттоодон өткөн жана/же алар ишин жүргүзүп жаткан өлкөнүн улуттук мыйзамдарынан улам келип чыккан, эл аралык укуктук нормаларда каралган коррупцияга каршы аракеттенүү жагында милдеттердин талаптагыдай аткарылышын күтөт.

6.2. Банк коррупциялык иш-аракеттерге тартылган же тартылышы мүмкүн болгон контрагенттер менен ишкердик мамилелерде келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди минималдаштыруу үчүн болгон күч-аракетин жумшайт жана ушуга байланыштуу:

– потенциалдуу контрагенттердин жана алардын акционерлеринин, башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн ишкердик абройуна, алардын коррупцияга тартылышы же ыктап кетиши, анын ичинде ушул Саясатка үндөшкөн жол-жоболорунун жана документтеринин бардыгын аныктоо

көз карашынан талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт;

- коррупцияга каршы аракеттенүүдө Банк таянган, анын ичинде ушул Саясатта белгиленген принциптер жана талаптар тууралуу аларга маалымдайт;
- коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча принциптерди жана талаптарды так сактоого алардын даярдыгын эске алуу менен коррупцияга бөгөт коюу жагында аларга көмөктөшөт.
- Банк тарабынан түзүлгөн келишимдерде аныкталган талаптарга/ критерийлерге жооп берген коррупцияга каршы иш алып баруу белгилеринин камтылышын камсыз кылат.

6.3. Банк өнөктөштөргө жана контрагенттерге, ошондой эле өз кардарларына коррупцияга бөгөт коюу жана ага каршы аракеттенүүгө багытталган иш алып баруу стандарттары, жол-жоболор жана эрежелер тууралуу маалымдайт.

Банк сатып алуу ишинде коррупцияга каршы контролдукту орнотуунун белгиленген стандарттарынын талаптарын ишке ашырат.

6.4. Коррупцияга каршы стандартта сатып алуу документтерин, сатып алууга катышкандарды/контрагенттерди текшерүү жана алардын канчалык деңгээлде ишенимдүүлүгүнө баа берүү, таламдардын каршы келип калышын жөнгө салуу, Банкта ээлеген кызмат ордуна байланыштуу аффилирленгендик чегин жана башка кызмат ордунан кыянаттык менен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн текшерүүлөрдү камтылат.

6.5. Сатып алуу документтерин текшерүүнүн алкагында контролдук 3 баскычта жүзөгө ашырылууга тийиш:

- алдын ала текшерүү - кийинки финансы жылына же башка мезгилге сатып алуу планынын долбоорун текшерүү;
- учурдагы текшерүү – пландаштырылып жаткан бутүмдүн негиздүүлүгүн тастыктаган аналитикалык жана түшүндүрмө тил катарын текшерүү;
- андан аркы текшерүүлөр - кошумча түзүлгөн келишимдер негиздемесинен болгон түшүндүрмө тил каттарды текшерүү, ошондой эле контрагенттердин, башка жеке адамдардын, юридикалык жактардын коррупция фактыларынын орун алып жатышына тиешелүү даттануулардын кароо.

Сатып алууга катышкандарды/контрагенттерди текшерүү, алардын канчалык деңгээлде ишенимдүүлүгүнө баа берүүнүн алкагында бенефициарларды, анын ичинде түпкү бенефициарды кошо алганда, контрагенттердин менчик ээсинин түзүмүн, аткаруу органдарынын курамын чечмелөө, алардын ишкердик аброюн, рынокто канчадан бери иштеп жаткандыгын, таламдардын каршы келип калышын жөнгө салууга, аффилирленгендик чегин жана Банктын кызмат адамдарынын кызматтык милдеттерин аткарууда башка кыянаттыкка барышына байланыштуу коррупциялык чыр-чатакка тартылышын ачыкка чыгаруу иштери жүргүзүлөт.

6.6. Сатып алууларга катышуучулар/контрагенттер үчүн текшерүүлөрдүн алкагында төмөнкүдөй талаптар белгиленет:

- таламдардын каршы келип калышынын жана/же Банктын кызмат адамдары менен байланыштуу же аффилирленгендик орун алып жаткандыгы тууралуу маалыматтар;
- бенефициарларды (анын ичинде түпкү пайдага ээ болуучуну) кошо алганда, чиеленишкен менчик ээлерине карата, ошондой эле аткаруу органдарынын түзүмүнө тиешелүү маалыматтарды сунуштоо.

6.7. Коррупцияга каршы иш алып баруунун белгиленген стандарттарынын талаптарын аткаруу сатып алуу ишине катышкандардын бардыгы үчүн милдеттүү болуп саналат жана Банктын сатып алуу ишин жөнгө салган ички ченемдик документтери аркылуу бекитилген сатып алуу ишине тиешелүү документтердин бөлүгү болуп эсептелинет.

6.8. Сатып алууга катышкандардын бардыгы иш процессинде жана сатып алуулар келишим талаптарын аткарууда этикалык негизги принциптерди так сактоо менен коррупциялык жана башка укукка жатпаган иштерге катышпоого же ага тартылбоого тийиш.

## VII ГЛАВА. КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮНҮН АЛКАГЫНДА БАНКТЫН БАШКАРУУ ОРГАНЫНЫН, ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮМДӨРҮНҮН, КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

7.1. Банктын кызмат адамдары жана ээлеген кызмат ордуна карабастан анын кызматкерлери Банктын кызычылыгында жан-дилден берилип, адал эмгектенүүгө тийиш.

Банктын Директорлор кеңешинин жана Башкармасынын мүчөлөрү кайсыл болбосун деңгээлде жана кандай болбосун формада орун алышы ыктымал болгон коррупциялык көрүнүштөргө жана коммерциялык сатып алууга жол бербөө, ага бөгөт коюу ишинде үлгү болуу менен алгылыксыз аракеттерге каршы таасирдүү күрөшүүсү зарыл.

7.2. Банктын Директорлор Кеңеши:

– Банкта коррупцияга каршы саясаттын негизги стратегиялык багыттарын аныктайт;
– Банк тарабынан ушул багытта кабыл алынган чаралардын аткарылышына жалпы контролдукту жүргүзөт;
– ушул Саясаттын колдонулушу жана анын талаптарынын жайылтылышынын жалпы жыйынтыгын контролдукка алат;

7.3. Банк Башкармасы:

– кандай болбосун формада орун алышы же келип чыгышы ыктымал болгон коррупциялык көрүнүштүргө жана коммерциялык сатып алууга каршы аракеттенүүнүн этикалык стандарттарын калыптандырууга жана аны колдоо ишине катышып, этикалык жана кынтыксыз иш алып баруу үлгүсүнөн болууга;
– өзүнүн же Банктын айрым акционеринин же кызмат адамынын кызыкчылыгында эмес, банктын таламында иш алып барып, алгылыктуу, коопсуз банктык тажрыйбаны жөнгө салып, калыптандыруу үчүн бардык күч-аракетин жумшоого;
– Банктын коррупцияга жана коммерциялык сатып алууга каршы аракеттенүү жагындагы маселелеринин оперативдүү негизде натыйжалуу чечилишин кошо алганда, ушул саясат талаптарынын аткарылышын камсыз кылууга тийиш.

7.4. Комплаенс-контролдоо башкармалыгы:

– Банктын коорупцияга каршы саясатын иштеп чыгып, анын аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө;
– Банкта орун алган укук бузуулар боюнча текшерүүлөрдүн жүргүзүлүшүн демилгелөөгө;
– Банк кызматкерлери тарабынан укукка жатпаган иш-аракеттерге жол берилип жаткандыгы же анын келип чыгышы ыктымалдыгы тууралуу Коопсуздук кызматына маалымдоого;
– Банк кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамынын жоболору, ушул Саясаттын талаптары боюнча кеп-кеңештерди берүүгө тийиш.

7.5. Коопсуздук кызматы:

– Банкта коррупцияга жана коммерциялык сатып алууга каршы аракеттенүүнүн жалпы усулук ыкмаларын иштеп чыгууга;
– Банк кызматкерлеринин коррупциялык аракеттерге тартылышын аныктоо жана ага бөгөт коюуга багытталган иш-чараларды жүзөгө ашырууга;
– коррупцияга жана коммерциялык сатып алууга каршы аракеттенүү жагында кызматтык териштирүүлөргө катышууга;
– Юридика бөлүмү менен биргеликте Банк кызматкерлеринин коррупциялык иш-аракеттерге тартылышы фактыларын аныктоого жана аларды Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартуу маселелери боюнча укук коргоо органдары менен иш алып барууга;
– Банк кызматкерлери жана анын бөлүмдөрү арасында келип чыгышы ыктымал болгон кесепеттүү жагдайларга өз учурунда бөгөт коюу максатында алдын алуу иштерин жүргүзүүгө;
– Комплаенс-контролдоо башкармалыгы менен биргеликте Банкта коррупциялык аракеттерге жол берилиши ыктымалдыгы же аны тастыктаган фактылар боюнча маалыматтарды аныктоого тийиш.

7.6. Юридика бөлүмү:

– Коопсуздук кызматы менен биргеликте коррупциялык көрүнүштөр жана коммерциялык сатып алуулар боюнча шектенүүлөр аныкталып, тастыкталган шартта тиешелүү укук коргоо органдарына кайрылууга;
– Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын бузууга жол берилиши фактысы боюнча кызматтык териштирүүлөрдү жүргүзүү ишине юридикалык жардам көрсөтүп/кеп-кеңештерди берүүгө тийиш.

7.7. Банктын бардык кызматкерлери:
– өз кызыкчылыгында же Банктын атынан коррупциялык же башка укук бузууларга жол берүүдөн жана/же мындай кесепеттүү жагдайларга катышуудан оолак болууга;
– коррупцияга жана коммерциялык сатып алууга каршы аракеттенүү маселесинде Комплаенс - контролдоо башкармалыгы менен биргелешип иш алып барууга;
– коррупцияга жана коммерциялык сатып алууга каршы аракеттенүү маселесине тиешелүү мыйзам талаптарынын, ушул Саясаттын жоболорунун, ошондой эле кесиптик этика жана бизнес жүргүзүүнүн этикалык нормаларынын так сакталышын камсыз кылууга;
– өз милдеттерин аткарууда же Банктын атынан чет мамлекетте иш жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамынын, ошондой эле ушул Саясаттын талаптарын так сактоого;
– “Айыл Банк” ААКсынын кадрлар жөнүндө” жобосуна карата №2 тиркемеге ылайык, ушул Саясат менен кол коюп берүү аркылуу таанышууга[1];
– өз ыйгарым укуктарынын чегинде Банкта коррупцияга жана коммерциялык сатып алууга каршы аракеттенүү жагында аларга жүктөлгөн милдеттерди аткарууга тийиш.

*[1]Эскертүү: Банк кызматкерлерин ушул саясат менен тааныштыруу милдети Персонал менен иш алып баруу башкармалыгына жүктөлгөн.*

## XI ГЛАВА. ЖООПКЕРЧИЛИК

8.1. Банктын Директорлор кеңеши жана Башкармасы ушул Саясаттын негиз түптөөчү принциптеринин, ал аркылуу жүктөлгөн милдетердин жана талаптардын аткарылышына жана так сакталышына, Саясаттын натыйжалуу ишке ашырылышына контролдукту камсыз кылат.

8.2. Банктын бардык кызматкерлери ээлеген кызмат ордуна карабастан, бул Саясатта камтылган принциптердин жана талаптардын так сакталышы, ошондой эле карамагындагы же бирге иштеген, белгиленген принциптерди жана талаптарды бузууга жол берген жактардын аракеттери/аракеттенбей коюусу үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.

8.3. Коммерцияылк сатып алууга жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдардын, ушул Саясаттын талаптарын бузууга жол берүү Банктын аброюна жана анын кардарлар, контрагенттер менен жөнгө салынган мамилесине терс таасирин тийгизип, айыптык төлөм төлөөнү жана бизнеске чектөөлөрдүн белгиленишин кошо алганда, олуттуу кесепеттерге алып келиши ыктымал.

8.4. Банк өз кызматкерлеринин жана кызмат адамдарынын коррупциялык ишке катышкандыгы үчүн санкцияга дуушар болушу ыктымалдыгынан улам, ар бир шек жараткан же аныкталган айкын факты боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Банктын ички ченемдик документтеринде каралган жол берилген чаралардын алкагында кызматтык териштирүүлөрдү жүргүзүшү зарыл.

8.5. Кызматтык териштирүүнүн жыйынтыгында Банктын кызмат ададмы жана/же кызматкери тарабынан ушул Саясаттын жана Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарынын талаптарын бузууга жол берилгендиги тастыкталган болсо, ага/аларга карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчилик чаралары колдонулууга тийиш.